материалдык зыянды жана башка бардык чыгымдарды калыбына келтирүүгө милдеттүү.

Тартиптик, административдик жана кылмыштуулук боюнча жоопкерчиликке тартуу күнөөлүү жактарды келтирилген зыяндын ордун толтуруу милдетинен бошотпойт.

77. Ижара келишимин түзүүдөн атайлап четтөө жана муниципалдык мүлктү ижарага өткөрүүдөн келип түшкөн кирешелер жаап-жашырылган учурда, баланс кармоочу-уюмдун кызмат адамдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

Муниципалдык мүлктү
ижарага берүүнүн тартиби
жөнүндө жобонун
1-тиркемеси

"МАКУЛДАШЫЛДЫ"

______________________________

(баланс кармоочунун карамагында турган муниципалдык органдын жетекчисинин аты-жөнү, колу, күнү)

______________________________

20__-ж. "__" ______________

**Муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугун аукционго (конкурска) коюу жөнүндө**
**АРЫЗ**

Муниципалдык мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу муниципалдык органга

Кимден:

______________________________

юридикалык жактын (баланс кармоочунун) толук аталышы, уюштуруу-укуктук формасы, жайгашкан (катталган) дареги:

______________________________

______________________________

юридикалык жактын (баланс кармоочунун) жайгашкан орду

Муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна ____________________________________________ (жайдын, имараттын аталышы)